# Үмүттүн тилеги



Автор: Айдай Бекбоева

Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Үмүттүн тилеги

Автор: Айдай Бекбоева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Үмүттүн тилеги" (кыргыз тилинде), автор Айдай Бекбоева, сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Үмүт бор менен дубалга сүрөт тартканды жакшы көрөт. Чөнтөгүнө ар дайым бор ала жүрөт. Бул – анын адаты. Сүрөт тартып жатып кыңылдап ырдап да калат. Ал апасын сагынганда гана тарта турган. Бул жолу апасынын колдорун бекем кармап бара жатканын тартты. Дал ушул сүрөттү бир нече жолу кайталап тарткан. Апасынын жумшак, назик колдорун  кармап өмүр бою ушул сүрөттө калгысы келчү. Алар жөнүндө элес-булас гана билет.

Үмүт ата-энесинен ажырагандан кийин, акырындан бул жаңы үй-бүлөгө көнө баштады. Биринчи жолу ушул үйдөн ага болгон жылуу мамилени сезген. Бакма апасы өтө боорукер. Аты – Элизабет. Кечинде жатарда апасы өз тилинде бешик ырын ырдап берет:



Sleep, little one, go to sleep,
So peaceful birds and the sheep,
Quiet are meadow and trees,
Even the buzz of the bees.
The silvery moon beams so bright,
down through the window give light.
O'er you the moon beams will creep,
sleep little one go to sleep.
good night, good night.

Башында эмне жөнүндө ырдаганын түшүнчү эмес. Жөн гана сыйкырдуу обону, бакма апасынын назик үнү жакчу. Анткени, ага болгон мээрими ошол үнүнөн сезилип турчу. Ошол сыйкырдуу үн азыркыга чейин Үмүттүн эсинде. Кийинчирээк ал да бакма апасына кошулуп кыңылдап ырдап калар эле.

Арадан жылдар өттү. Чет тилинде бир нече ырды ырдаганды үйрөндү. Апасы музыкага шыгын байкады, кызыгуусун ойготту.

Бир күнү апасы музыкалык аспаптарды саткан дүкөнгө атайылап ээрчитип барды.

– Кана, Үмүт, өзүң танда. Кандай аспап сатып алалы? – деди. Кыз көзүн чоордон ала албады, тиктеп гана тура берди.



– Үмүт, – деди жанына келип чачынан сылай. – Сага ушул жактыбы? – деп чоорду көргөзүп,  кулагына шыбырады.

– Ооба, – деп апасын катуу кучактады.

Апасы чекесинен өөп, эки колунан алды. Ошол жерден кол кармашып, тегеренип бийлешти. Дүкөнчү эне-баланын бактылуу мүнөттөрүнө күбө болду. Ошентип, чоор Үмүттүн колуна тийди.





Дүкөндөн келе жатышса, кошунасы кызы экөө сейилдеп жүрүшүптүр. Учурашып, чоңдор өздөрүнчө ал-жай сурашып калышты. Аларга апасы чоор сатып алгандары тууралуу айтып берип жатты. Кошунанын Миа аттуу кызы бар. Миа менен Үмүт ынак достордон. Ал экөө музыкалык мектепке, сүрөт ийримине бирге барышат. Сабактан кийин бири-бирин күтүп чогуу кайтышат.

Мианын атасынын машинеси бар. Кээде мектептен келе жатканда Үмүттү да ала келет.

– Сен таланттуусуң, Үмүт. Мен чын дилимден айтып жатам. Сен чоордо абдан сонун ойнойсуң. Чоордон чыккан музыка бир укмуштуудай сезилет. Өзүңдө бир билинбеген чоң күч бар. Бирок ал кандай экендигин мен сага түшүндүрүп бере албайм.  Мага ушундай сезилет, –  деди Мия.






– Ыракмат, Мия. Сен эң жакын досумсуң. Менин сага белегим бар, – деп сумкасынан түстүү калемдерди алып чыкты. Ал Миянын сүрөттү жакшы тартарын билчү. Мия жылмайып, колун сунду.

Табият Үмүткө талантты төрөлгөндө эле тартууласа керек. Ал белгилүү ырчы жана талантту музыкант болуп жетилди. Көптөгөн өлкөлөрдү кыдырып, талантын тартуулап келет.

Бирок баягы сүрөттү эмнегедир өмүр бою чиймелей берет. Кийин кызыктуу сүрөт жаралды.

Бул ирет атасы менен энесин жана өзүнүн жанына бакма энесин да кошуп тартты. Үмүт болсо эки апасынын ортосунда, алардын колдорун бекем кармап турат. Бул сүрөттө баары бактылуу. Күндүн жылуу нурлары үй-бүлөгө текши тийип турду. Ушул сүрөт ар дайым Үмүттү гастролдордо коштоп жүрөт.





КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Айдай Бекбоева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли